**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛАСТЫ**
**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**

**КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛ ӨКМӨТҮ**

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69
ОКПО 32659893
ИНН 01203202410386

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛ ОКМОТУ КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69
ОКПО 32659893
ИНН 01203202410386

__________№_________
__________ №________

**Ош облусунун жана Ош шаарынын юстиция башкармалыгынын башчысы Ж.У.Абдыкадыровичке**

Кара-Кулжа районунун Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII чакырылышында кабыл алынган төмөндөгү токтомдорун Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтөбүз.

| № | Саны | Чакырылышы | Күнү,айы, жылы | Сессия | Номер | Аталышы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 8 | 19.05.2026 | 16 | 16/1 | Ош облустук өнүктүрүү фондуна сунушталган долбоордун негизинде “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ачык акционердик коому аркылуу лизинг жолу менен жүк ташуучу CSC3255DT384 самосвалын сатып алууга макулдук берүү жөнүнө |
| 2 | 2 | 8 | 19.05.2026 | 16 | 16/2 | Ош облустук өнүктүрүү фондуна сунушталган долбоордун негизинде “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ачык акционердик коому аркылуу лизинг жолу менен XE150WD колесный экскаватор сатып алууга макулдук берүү жөнүнө |
| 3 | 2 | 8 | 19.05.2026 | 16 | 16/3 | Кара-Гуз айыл аймагы боюнча коомдук алдын алуу борборунун курамын жана иш-планын бекитүү жөнүндө |
| 4 | 2 | 8 | 19.05.2026 | 16 | 16/4 | Кара-Гуз айыл аймагынын Кеңеш айылындагы Ш.Калдаров, Ш.Жусупов, М.Мөнөков көчөлөрүн асфальттоого жана латок коюга макулдук берүү жөнүндө |

Жогорудагы аталган токтомдор Кара-Кулжа районунун Кара-Гуз айылдык кеңешинин бешинчи чакырылышынын 2013-жылдын 20-февралындагы № 4- “Кара-Гуз айылдык Кенешинин ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик тилде гана кабыл алуу жана мамлекеттик тилде жарыялоо жөнүндөгү” токтомуна негизделип мамлекеттик тилде кабыл алынып, 2026-жылдын 13-июнь күнү **https://kara-guz.gov.kg/** сайтына жарыяланды. Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык Кеңештин токтомдору: Мамлекеттик тилде 4 токтом (эки) баракта 2 нускада Электрондук вариянт 1 даана диск.

**Башчы** **Н.Иса уулу**

Аткаруучу:У.Таалайбек уулу
Тел:0778565633

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛАСТЫ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ
КАРА-ГУЗ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

## КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

“ 19” май 2026-жылдагы № 16/1

**Ош облустук өнүктүрүү фондуна сунушталган долбоордун негизинде “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ачык акционердик коому аркылуу лизинг жолу менен жүк ташуучу CSC3255DT384 самосвалын сатып алууга макулдук берүү жөнүнө**

Кара-Гуз айыл аймагынын инфраструктурасын жакшыртуу максатында, Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн техникалык паркын жаңылоо үчүн жана автотехникалардын жетишсиздигине байланыштуу лизинг жолу менен “Мамлекеттик лизинг- компаниясы” ачык акционердик коому аркылуу жүк ташуучу CSC3255DT384 самосвалын сатып алуу зарыл болгондугу жөнүндө Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын билдирүүсүнүн негизинде Кара-Гуз айылдык Кеңешинин Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш маселеси боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап, Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Ош облустук өнүктүрүү фондуна сунушталган долбоордун шарттарына ылайык финансылык ижара келишиминин (лизинг) негизинде “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ачык акционердик коому аркылуу баасы 4 656 862 (төрт миллион алты жүз элүү алты миң сегиз жүз алтымыш эки) сом, жылдык 5 (беш) пайыз, 5 (беш) жылдык мөөнөткө төмөнкү атайын техниканы алууга макулдук берилсин:

- жук ташуучу CSC3255DT384 самосвалын.

2.Лизингдин жалпы баасынан 30 (отуз) пайыз өлчөмүндө Ош облустук өнүктүрүү фондунун салымы 1 397 059 (бир миллион үч жүз токсон жети миң элүү тогуз) сом кошулсун.

3.Өздүк салымдан сырткары лизингге алынган жүк ташуучу самосвалдын “Унаа” мамлекеттик мекемесинен катталуусу  бул техниканын бүткүл мезгилине камсыздандыруусу жана лизингге алынган жүк ташуучу самосвалдын өз эсебинен сатып алууга байланышкан башка чыгашалардын акча каражаты каралсын.

4.“Мамлекеттик лизинг компаниясы” ачык акционердик коому менен лизинг келишимине жана келишимден келип чыгуучу башка документтерге кол коюу укугу жана техникага болгон жоопкерчилик Кара-Гуз айыл- аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Иса уулу Нурдинге ыйгарылсын.

5.Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.

6. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

7. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

8. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кара-Гуз айылдык Кеңешинин Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш маселеси боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Орун басар** **Ж.Э. Мансурова**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛАСТЫ**
**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**
**КАРА-ГУЗ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

---

## КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

“ 19” май 2026-жылдагы № 16/2

**Ош облустук өнүктүрүү фондуна сунушталган долбоордун негизинде “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ачык акционердик коому аркылуу лизинг жолу менен XE150WD колесный экскаватор сатып алууга макулдук берүү жөнүнө**

Кара-Гуз айыл аймагынын инфраструктурасын жакшыртуу максатында, Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн техникалык паркын жаңылоо үчүн жана автотехникалардын жетишсиздигине байланыштуу лизинг жолу менен “Мамлекеттик лизинг- компаниясы” ачык акционердик коому аркылуу XE150WD — колесный экскаватор сатып алуу зарыл болгондугу жөнүндө Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын билдирүүсүнүн негизинде Кара-Гуз айылдык Кеңешинин Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш маселеси боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Ош облустук өнүктүрүү фондуна сунушталган долбоордун шарттарына ылайык финансылык ижара келишиминин (лизинг) негизинде “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ачык акционердик коому аркылуу баасы 11 178 512 (он бир миллион бир жүз жетимиш сегиз миң беш жүз он эки) сом, жылдык 5 (беш) пайыз, 5 (беш) жылдык мөөнөткө төмөнкү атайын техниканы алууга макулдук берилсин:
- жук ташуучу XE150WD — колесный экскаваторун.

2.Лизингдин жалпы баасынан 30 (отуз) пайыз өлчөмүндө Ош облустук өнүктүрүү фондунун салымы 3 353 554 (үч миллион үч жүз элүү үч миң беш жүз элүү төрт) сом кошулсун.

3.Өздүк салымдан сырткары лизингге алынган жүк ташуучу самосвалдын “Унаа” мамлекеттик мекемесинен катталуусу бул техниканын бүткүл мезгилине камсыздандыруусу жана лизингге алынган колесный экскаватордун өз эсебинен сатып алууга байланышкан башка чыгашалардын акча каражаты каралсын.

4.“Мамлекеттик лизинг компаниясы” ачык акционердик коому менен лизинг келишимине жана келишимден келип чыгуучу башка документтерге кол коюу укугу жана техникага болгон жоопкерчилик Кара-Гуз айыл- аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Иса уулу Нурдинге ыйгарылсын.

5.Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.

6. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

7. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

8. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кара-Гуз айылдык Кеңешинин Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш маселеси боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Орун басар** **Ж.Э. Мансурова**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛАСТЫ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>КАРА-ГУЗ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |
|---|---|---|
| Жаны-Талаа айылы<br>С. Маметов көчөсү №69 | | село, Жаңы-Талаа<br>улица С. Маметов №69 |

# КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

“ 19” май 2026-жылдагы № 16/3

**Кара-Гуз айыл аймагы боюнча коомдук алдын алуу борборунун курамын жана иш-планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы “Кыргыз Республикасындагы укук-бузуулардын алдын алуу жөнүндөгү” №60 мыйзамынын негизинде жана Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин Кара-Гуз айылдык Кеңешинин Жергиликтүү башкарууну өнүктүрүү, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү коомдоштуктар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын жана жооптуу катчы Кудайбердиева Жаннаттын маалыматын угуп жана талкуулап, Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Кара-Гуз айыл аймагы боюнча коомдук алдын алуу борборунун курамы №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2.Кара-Гуз айыл аймагы боюнча коомдук алдын алуу борборунун 2026-жылга карата иш-планы №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.

3.Коомдук алдын алуу борборунун 2026-жылга карата иш-планын мерчеминде уюштуруучулук иштерди уюштуруп, зордук змбулуктун алдын-алуу боюнча ар кандай иш-чараларды өткөрүү КААБдын төрайымы Кудайбердиева Жаннатка тапшырылсын.

4.Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.

5. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кара-Гуз айылдык Кеңешинин Жергиликтүү башкарууну өнүктүрүү , жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү коомдоштуктар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Орун басар** **Ж.Э. Мансурова**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛАСТЫ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ
КАРА-ГУЗ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ**

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА**

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

## КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

“ 19” май 2026-жылдагы № 16/4

**Кара-Гуз айыл аймагынын Кеңеш айылындагы Ш.Калдаров, Ш.Жусупов, М.Мөнөков көчөлөрүн асфальттоого жана латок коюга макулдук берүү жөнүндө**

Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн балансында турган Кеңеш айылындагы Ш.Калдаров, Ш.Жусупов, М.Мөнөков көчөлөрүнүн жалпы 2580 метр ички жолду асфальттоо жана 2000 метр жол жээгине латок коюу боюнча Кара-Гуз айылдык Кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын жана өкмөт башчы Иса уулу Нурдиндин маалыматын угуп жана талкуулап Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн балансында турган Кеңеш айылындагы Ш.Калдаров, Ш.Жусупов, М.Мөнөков көчөлөрүнүн жалпы 2580 метр анын ичинен жеке демөөрчү тарабынан 1580 метр ал эми Областтык өнүктүрүү фонддон 1000 метр ички жолду асфальттоого жана 2000 метр жол жээгине латок коюуга макулдук берилип, иш алып барылсын.

2. Кеңеш айылындагы Ш.Калдаров, Ш.Жусупов, М.Мөнөков көчөлөрүн асфальттоо жана жол жээгине латок коюу үчүн Областтык өнүктүрүү фондко тиешелүү иш кагаздарын даярдоо өкмөт башчы Иса уулу Нурдинге тапшырылсын.

3.Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.

4. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кара-Гуз айылдык Кеңешинин Жергиликтүү башкарууну өнүктүрүү , жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү коомдоштуктар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Орун басар** **Ж.Э. Мансурова**